**УДК: 801.81**

# “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ КОШОЙДУН ОБРАЗЫ - МЕКЕНЧИЛДИКТИН, ДААНЫШМАНДЫКТЫН СИМВОЛУ КАТАРЫНДА

**Толубаева Чолпон Дерденбаевна**
Филология илимдеринин кандидаты, доцент
Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын кафедра башчысы
ORCID:0009-0004-2096-9377

**Аннотация**

Макалада “Манас” эпосундагы Кошойдун образы талдоого алынат. Манастын эл башында турган баатыр болуп калыптанышына Кошойдун тийгизген таасири зор болгондугу белгиленет. Ошондой эле Кошойдун даанышмандыктын, акылмандыктын, мекенчилдиктин символу катары бүгүнкү күндө жаштарга өрнөк болуп жатканы эпостогу үзүндүлөр менен анализге алынат. Кошойдун кылымдардан кылымга унутулбай келе жаткан улуу мөөрөйү- айтылуу “Көкөтөйдүн ашындагы” дүйнө элдердин алдында кыргыз элинин желегин желбиретип , мекенчилдиктин жана ар намыстуулуктун символу катары кызмат кылып келе жаткандыгы да белгиленет. Муну менен катар Кошойдун образы жаштарга дагы бир жагынан таанылышы керектиги, ошол айтылуу “Көкөтөйдүн ашында” Жолой дөөнү үч күн, үч түн тынымсыз күрөшүп жатып жеңгенден кийин , байгенин жеңишине алган малды карапайым элге таратып бергендиги тууралу баяндалат.Кошойдун байгеге түшкөн көп малды жөн эле таратып койбостон жетимге, багаар-көрөөрү жокторго, жесирге таратылып берилгени тууралуу макалада талдоого алынат.

**Негизги сөздөр:** эпос, каарман, образ, баатыр, акылмандык, патриоттуулук, эркиндик, сыйлык.

# ОБРАЗ КОШОЯ В ЭПОСЕ “МАНАС” КАК СИМВОЛ ПАТРИОТИЗМА И МУДРОСТИ

**Толубаева Чолпон Дерденбаевна**
Кандидат филологических наук, доцент
Иссык-Кульский государственный университет имени Касыма Тыныстанова
Заведующий кафедрой кыргызского языка и литературы
ORCID: 0009-0004-2096-9377

**Аннотация**

В статье анализируется образ Кошоя в эпосе «Манас». Подчеркивается, что Кошой оказал значительное влияние на становление Манаса как великого батыра и лидера народа. Также рассматривается, как Кошой, являясь символом мудрости, прозорливости и патриотизма, служит примером для молодежи в наши дни, что подтверждается анализом отрывков из эпоса.

Отмечается, что его вечная слава, передающаяся из поколения в поколение, особенно проявилась на легендарном «Поминке Кокотоя», где он прославил кыргызский народ на мировой арене, став символом патриотизма и чести. Наряду с этим указывается, что образ Кошоя должен быть раскрыт молодежи и с другой стороны: после трехдневной и трехночной непрерывной борьбы с великаном Жолой он одержал победу, но все выигранное имущество щедро раздал простому народу. В статье также анализируется, что Кошой не просто раздал богатство, а направил его на помощь сиротам, обездоленным и вдовам.

**Ключевые слова**: эпос, герой, образ, мудрость, патриотизм, свобода, премия.

# THE IMAGE OF KOSHOY IN THE EPIC OF "MANAS" AS A SYMBOL OF PATRIOTISM AND WISDOM

**Tolubaeva Cholpon Derdenbaevna**
Philology ilimderinin candidates, associate professor
Kasym Tynystanov atyndagy Isyk-Kol mamlekettik university
Kyrgyz tili zhana adabiyaty departmentsynyn department bashchysy
ORCID:0009-0004-2096-9377

Abstract

This article analyzes the image of Koshoy in the epic "Manas." It emphasizes that Koshoy had a significant influence on the development of Manas as a great hero and leader of the people. The study also examines how Koshoy, as a symbol of wisdom, foresight, and patriotism, serves as an example for the youth today, which is supported by an analysis of excerpts from the epic. It is noted that his eternal glory, passed down from generation to generation, is particularly highlighted in the legendary "Remembrance of Kokotoi," where he brought honor to the Kyrgyz people on the world stage, becoming a symbol of patriotism and honor. Additionally, the article points out that the image of Koshoy should be revealed to the youth from another perspective: after three continuous days and nights of struggle against the giant Joloi, he emerged victorious, but generously distributed all the acquired wealth among the common people. The article further analyzes that Koshoy did not merely distribute riches; he directed it towards aiding orphans, the underprivileged, and widows.

**Key words**: epic, hero, image, wisdom, patriotism, freedom, award.

Кошой эпосто “Көкөтөйдүн ашы” эпизодунда эле айтылбастан ар кайсы жерге чачырап кеткен кыргыз элинин башын бириктирип Мекенди коргоого чакырган асыл идеяларды элге жайылтууда да чоң кызматтарды аткарат. Муну менен катар Акбалта, Жакып, Манас болуп кырк үйлүү кыргыз эли Алтайдан Ала-Тоону көздөй көчүп келе жатканда Эсенкан Жолойду башчы кылып көп аскерди жиберет. Мына ошол Ала-Тоого көчүп келе жаткан кыргыз элин калмак-манжууга талатпай Манаска тирөөч, опол тоодой күч болуп, душмандын мизин кайтарууга жардам берет. Ошондой эле Кошой Жарманас менен Билерикти Эсенкандын зынданынан бошотот. Эпосто Кошойдун образы ар тараптуу көрсөтүлөт.

“Берен Кошой абакең
Артык балбан, артык шер,
Акылга дыйкан кеменгер.
Жолборс абаң кан Кошой
Шамал тийсе, сел тийбес,
Чатырлыгы дагы бар,
Жоо бөрүсү абаңдын
Баатырлыгы дагы бар.
Элге сынчы Кошойдун
Эшендиги дагы бар,
Акылга дыйкан чоң аяр
Абаң Кошой баатырдын
Чечендиги дагы бар .
Абаң Кошой карыда
Ар өнөрдүн баары бар” [1. 280]

Жогоруда белгилегенибиздей Кошой бабабыз баатырлыгы менен эле элге белгилүү болбостон, эң биринчи акылмандыгы ар иште көрөгөчтүк кылып туура чечим чыгара алган көсөмдүгү, жалпы журтка тегиз караган салмактуулугу менен калктын кадырман карыясына айланган. Ал улуттун биримдиги үчүн кара башын курман кылууга даяр. Кошойдун көөдөнү элдин тынчтыгын көздөө жана Мекенди баскынчыларга тебелетпей чеп болуп туруу деп согот. Кытай -калмак

баскынчылары кыргыздарды ар кайсы жерге чачыратып жибергенде, ар кайсы жерде башын катып качып жүргөн кыргыздарды бириктирип, алардын эркиндиги үчүн көп баатырдык эрдиктерди көргөзгөндүгү айтылып келет. Мунун далили ошол кылымдан бүгүнкү күнгө чейин эл ичинде “Кошой коргон, Кошойдун чеби” деген кептер эл арасында айтылып калгандыгын билебиз. Ал Манастын баатыр катары жалпы мусулман элдеринин арасында атак-даңкын жайылтып, калктын кадырман адамына айлантууда көп баатырдыктарды көргөзөт. Анткени жогоруда белгилегенибиздей Манастын он эки жашында Алтайдагы кырк үйлүү кыргыз элин Ала-Тоону көздөй аман-эсен көчүрүп келүүдө Кошойдун колдоосу болбосо Эсенкан жиберген эсепсиз аскерге туруштук берүү кыйынга турмак. Экинчиден, Манасты жалпы түрк элине баатыр катары таанытып, анын мусулман элдердин биримдиги үчүн кызмат кылышына өбөлгө түзөт. Үчүнчүдөн, Манастын баатырдык эрдиктерине жана пенделик, кадиресе каармандык иштеринин сынчысы да Кошой болгон. Ал Манасты өзүнөн артык элдик уул болооруна көзү жетип, анын артынан биригүү идеяларды, аны колдоо чакырыктарын билдирип, жалпы көчмөн элди ошондой асыл идеяларга жетелеген. Кошойдун тилегенин берип Манас баатыр кыргыз элинин эле эмес боордош элдердин эркиндиги менен тынчтыгы үчүн көп баатырдык эрдиктерди көргөзөт. Эпосто Орчун, Кокон, Маргалаң, шаарларын каратып, алардан салыктын ар кандай түрүн салып турган Алөөкө баскынчы тууралуу баяндалат. Мындай баскынчыга туруштук берген эч ким болбойт. Манастын баатырдык эрдиктери тууралуу жалпы түрк элине билине баштаганда ала чапан Айкожо баатырга келип, Алөөкө баскынчыдан психологиялык жактан кордук көрүп , элдин кыйналганын айтат.

“Маргаланда так минип,
Тунуп турган кезеги,
Каяшаяк бергенди
Койдой кырып Алөөкө
Кырып турган кезеги
Өз билгенин Алөөкө
Кылып турган кезеги,
Каяшаяк бергенди
Ташын талкан чыгарып,
Кырып турган кезеги.
Алты-Шаар, Маргалаң
Темир аркан торунда,
Кутула албай турабыз
Алөөкөнүн колунда.
Алөөкөнүн алымы,
Ажыратып албасаң
Артып барат залими.
Коконго кордук салыптыр,
Алты миң жамбы, миң кундуз
Ай сайын алым алыптыр,
Алымына чыдабай
Кайран эл чуулап калыптыр.
Ургаачыдан узду алды,
Зордук кылып талкалап
Оймок ооз, бото көз
Ойкуштаган кызды алды.” [1.405-406]

Маргалаң элинин аргасы калбай, акыры мындай башына түшкөн оор азаптан куткарса, Манас куткараарына көздөрү жетет. Ошондуктан Айкожо Манаска кайрылат. Манас боордош элдердин эркиндиги үчүн ошондой эле Алөөкөдөн мурдакы ата бабасынын кегин кууш үчүн кырк жигити

менен ага каршы аттанат. Алөөкө Манас тууралуу угуп, аяларына төлгө салдырат. Алдыда боло турган иштерден кабар берген аярлары Алөөкөгө Маргалаң, Кокон шаарын таштап өз жерине кетүү сунушун билдиришет. Анткени Манастын аны менен бетешээр күнү жакын калганын кабарлашат. Алөөкө аярлары, сынчыларынын айтканына көнүп, ал жерде жыйнаган байлыгын атка, төөгө артынып, качып жөнөйт. Манас кырк жигити менен Алөөкөнүн кырса түгөнгүс аскерлерине каршы чыгат. Мындай чоң салгылашууда Бакай баштаган баатырлар Алөөкөнүн элди аёсуз кырып жүргөн баш кесерлерине каршы согушат. Бакай алардын аскерлерин көргөндө, адегенде коркот, ойлонот. Бирок “бир караса бир киши, бир караса миң кишиникиндей сүр берген Манастын баатырдык айбаты, анын эч нерседен тартынбаган, коркпогон баатырдык келбети анын коркуу сезимин жок кылат. Кырк жигит Манастап ураан чыкырып Алөөкөнүн аскерин бүт кырып, өзүн колго түшүрүшөт. Натыйжада Алөөкө баскынчылык менен жыйнаган көп байлык Манастын колуна түшөт. Ошол байлыкты элге бөлүп бериш үчүн Манас Кошой баатырды Ажыбайдан чакыртат. Кошой Манаска ыраазы болот. Анткени Манастын байлыкка ачкөз эместигине көзү жетет. Манас биринчи орунга элди койгондугу, бул эл үчүн кара башын курман кылууга даяр экенин билдирет. Манастын мындай ойлонуп жасаган кадамына Кошой ыраазы болгон үчүн, ошончо он эки кан бириккен чоң чогулушка жан дили менен келип , Алөөкө элден зордук менен тартып алган байлыкты барына тегиз бөлүп берет. Мына ошол чоң жыйында Кошойдун Манас баатырдын жалпы түрк элдеринин башына хан кылып шайлоо сунушун кийирет. Кошой Манас баатыр ар кайсы жерде өз желегин желбиретип жүргөн мусулман калктарына биригүү идеясын жана алардын жалпы башчысы, ханы катары Манасты сунуштап, аны колдоо идеясын көтөрөт. Аталган чоң жыйынга Кокондуктардын ханы Козубек, Анжыяндан айры сакал Сынчыбек, Маргалаңдан Малабек, Алты-Шаардын Алабек, Буудайык кан, Текечи кан, Шыгай хан, Эштектерден Жамгырчы, казактардан хан Көкчөлөр катышат. Жалпы журтка Кошой карыя кайрылат:

“Душманга каршы туулуп,
Дурус келди көрдүңбү,
Бусурман сенин багыңа
Ырыс келди көрдүңбү?!
Көтөргүн Манас шериңди,
Таштагыла, бусурман,
Кыжың-кужуң кебиңди.
Олжосун бөлүп алалы,
Ай талаада Манасты
Ак талаага жалынып,
Кан көтөрүп салалы.
Кан көтөргөн себебим-
Ичиңде далай бушман көп,
Теги ойлонгун жаман журт,
Тебелеп кетер душман көп.
Кыр жагында кытай бар,
Кыйрашар душман далай бар”. [1.443]

Кошой олжого түшкөн байлыкты бөлүп берип эле кетип калбастан Манасты хандардын ханы кылып шайлоо сунушун кийирүү менен эле ушул кезге чейин кытай-калмак баскынчыларынан жабыркап келгенде Манастыкындай эрдик көрсөтүп, алардын катыгын берген эч ким болбогонун билдирет. Манаска жалпы мусулман элдеринин башынды туруу менен катар алардын эркиндиги, көз карансыздыгын коргоо жоопкерчилиги жүктөлөт. Манас баарынын башчысы болуп кеттим деп, бийлик менен байлыкка көзү тунган жок. Тескерисинче ушунча калктын кызыкчылыгын көздөп, Мекенди башка душмандарга тебелетпөө үчүн болгон күчүн жумшоого бел байлайт. Андыктан Кошой бабабыз баатырдыгы менен эле даңазаланбастан, даанышмандыгы, көсөмдүгү

менен жаштарга өрнөк катары кызмат кылат. Кошой мындай улут сыйлаган, калк кадырлаган улуу адамга өз эмгеги, билими менен жетет. Кошой эпосто "калыйпадан кат алган, көп окуп, көп билим алгандыгы баяндалат. Ошондой эле анын эпостогу эң чоң ролу айтылуу "Көкөтөйдүн ашындагы" кылымдардан кылымдарга унутулгус, тескерисинче мезгил өтүп, кылымдар алмашып, доор тогошкон сайын Кошойдун улуттун намысын коргоп, кыргыздын желегин опурталдуу курагына жеткенде көккө желбиреткен эрдигинде жатат. Эрдик болгондо да ар бир адамдын жүрөгүнүн түпкүрүндөгү Мекенчилдик сезимин ойготуп намыска чакырат.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:**

1. Манас. Саякбай Каралаевдин вариантында.-Бишкек, 2010.
2. Оморова, Т. М. Чыйырды эненин баласын төрөгөнгө чейинки мезгилиндеги уруунтуу учурлары / Т. М. Оморова, Т. Муталипова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2023. – No. 1(21). – P. 55-58. – DOI 10.56122/..v1i1.68. – EDN JOVFLY..
3. Оморова, Т. М. Манас эпосундагы Каныкейдин баштапкы образы / Т. М. Оморова, Т. Муталипова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2023. – No. 1(21). – P. 59-63. – EDN IAPRRE.
4. Толубаева, Ч. Д., & Жумашова, Н. А. (2020). ОТРАЖЕНИЕ МОРАЛЬНО-НРАВСТВЕННЫХ ПРОБЛЕМ В ЭПОСЕ «МАНАС». *Вестник науки и образования*, (25-1), 25-29.
5. Толубаева Ч.Д., Искакова А. МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ КЫРК-ЖИГИТТИН ПОРТРЕТИНИН КӨРКӨМ ЭСТЕТИКАЛЫК МААНИСИ. Вестник МУК. №2 (46).2022.
6. Толубаева Ч.Д. Манас эпосундагы образдар системасы аркылуу жаштарды мекенчилдикке жана адеп-ахлактуулукка тарбиялоо. Вестник Исык-Кульского университета, №53, 2022